## *ТАРЫХ ИЛИМДЕРИ*
## *ИСТОРИЧЕСКИЕ НАУКИ*
## *HISTORICAL SCIENCES*

*Абытов Б.К.*

# КЫРГЫЗСТАНДЫН БИРИНЧИ КОНСТИТУЦИЯСЫН КАЧАН, КИМДЕР, КАНТИП ДАЯРДАШКАН?

*Абытов Б.К.*

# КОГДА, КТО И КАКИМ ОБРАЗОМ ГОТОВИЛИ ПЕРВУЮ КОНСТИТУЦИЮ КЫРГЫЗСТАНА?

*B.K. Abytov*

# WHO, WHEN AND HOW WAS PREPARED THE FIRST CONSTITUTION OF KYRGYZSTAN?

*УДК: 342.413/322 (575.2)(04)*

*Макалада Кыргызстандын биринчи Конституциясын качан, кимдер, кантип даярдаган деген маселе иликтөөгө алынды. Азыркы учурга чейинки Кыргызстандын биринчи классикалык маанидеги Конституциясынын бир катар нускасын даярдап, кыргыз коомчулугунун назарына алып чыккан адамдар тууралуу маалыматтар юристтер арасында да, тарыхчылар арасында да дээрлик жокко эсе. Бизди кызыктырган маселелер: кыргыз элинин, мамлекетинин тарыхындагы биринчи классикалык Конституциясын даярдоо вазыйпасы кимдерге тапшырылган, алар кантип жана качан даярдалган; улуттук мамлекетибиздин биринчи Конституциясынын даярдалуу мезгили качан болгон; алгачкы Конституциялык комиссиянын курамына кимдер кирген; биринчи Конституциялык комиссиянын курамында, кыргыз элинин, улуттук мамлекетибиздин кызыкчылыгын коргогон нукура кыргыздар болгонбу; кыргыздар болсо, алар кимдер эле; кыргыз саясий, укуктук тарыхына келгин маданият болгон Конституциянын пайда болуу, жаралуу тагдыры кандай болгон; биринчи Конститиуцияны даярдаган комиссия мүчөлөрүнүн арасында мамлекеттик, конституциялык түзүлүш боюнча адис юристтер болгонбу, же жокбу жана башка ушул сыяктуу көйгөйлүү маселелер биздин макалада баяндалат.*

***Негизги сөздөр:*** *Конституция, конституциялык комиссия, даярдоо, Конституциянын долбоору, комиссиянын мүчөлөрү, Негизги мыйзам, кыргыз эли, мамлекет.*

*В статье рассматриваются обнаруженные в Центральном государственном архиве Кыргызской Республики четыре варианта первой Конституции Кыргызской АССР. Также рассматривается вопрос когда, кем и как готовились эти варианты. Варианты, вынесенные на обсуждения как конституционной комиссии, так и на всенародное обсуждение. Хронология с 1926 по 1929 года. В первом русскоязычном варианте, проекта Конституции КАССР, подготовленной в 1926 г., имелось 5 разделов, 11 глав, 60 статей. В архивных документах ЦГА КР выявлены второй, третий и четвертый варианты проекта Конституции КАССР. В них охвачены основные разделы: Общее положение, Бюджетное право КАССР, Об устройстве Советской власти, О местной власти, О взаимоотношениях КАССР с РСФСР и СССР, Об избирательных правах, О гербе, флаге и местопребывание Правительства КАССР, состоящих из соответствующих статей. Освещен и состав Конституционной комиссии.*

***Ключевые слова:*** *Конституция, конституционная комиссия, подготовка, проект Конституции, члены комиссии, Основной закон, кыргызский народ, государство.*

*The article discusses four variants of the first Constitution of the Kyrgyz ASSR found in the Central State Archive of the Kyrgyz Republic. It also addresses the question of when, by whom and how these options were prepared. Options submitted for discussion as a constitutional commission, and for a national debate. Chronology from 1926 to 1929. In the first Russian-language version, the draft Constitution of the Kyrgyz Autonomous Soviet Socialist Republic, prepared in 1926, there were 5 sections, 11 chapters, 60 articles. The second, third and fourth versions of the draft Constitution of the Kyrgyz ASSR are revealed in the archival documents of the Central State Archive of the Kyrgyz Republic. They cover the main sections: General Situation, Budget Law. ASSR, About the device of the Soviet power, About local authorities, About mutual relations of the Kirghiz ASSR with RSFSR and the USSR, About suffrages, About the coat of arms, flag and seat of the Government Kyrgyz ASSR, consisting of the corresponding articles. Covered and the composition of the Constitutional Commission.*

***Key words:*** *Constitution, constitutional Commission, preparation, draft Constitution, members of the Commission, Basic law, Kyrgyz people, state.*

Кыргызстандын биринчи, экинчи Конституцияларын кимдер даярдаган деген маселени иликтөөгө алып, аларды тактап чыктык. Тилекке каршы, азыркы учурга чейинки илимий изилдөөлөрдө Кыргызстанын биринчи, экинчи классикалык маанидеги Конституциясынын бир катар нускасын даярдап, кыргыз коомчулугунун назарына алып чыккан адамдар тууралуу

маалыматтар юристтер арасында да, тарыхчылар арасында да дээрлик жокко эсе. Негедир бул маселеге окумуштуулар тарабынан тиешелүү көңүл бурулбай келген. Азыр бизди кызытырган маселелер:

- *чынында эле юристтердин, тарыхчылардын көңүл чордонун сыр тында калып кеткен, кыргыз элинин, мамлекетинин тарыхындагы биринчи классикалык Конституциясын даярдоо вазыйпасы кимдерге тапшырылган жана качан даярдалган?*
- *кыргыз элинин, улуттук мамлекетибиздин биринчи Конституциясынын даярдалуу мезгили качан болгон?*
- *алгачкы Конституциялык комиссиянын курамына кимдер кирген?*
- *биринчи Баш мыйзамды даярдаган комиссиянын курамына кирген мүчөлөр кандай кызматтагы адамдар болушкан?*
- *биринчи Конституциялык комиссиянын курамында, кыргыз элинин, улуттук мамлекетибиздин кызыкчылыгын коргогон нукура кыргыздар болгонбу?*
- *алгачкы Конституциялык комиссиянын курамында кыргыздар болсо, алар кимдер эле?*
- *кыргыз саясий, укуктук тарыхына келгин маданият болгон Конституциянын пайда болуу, жаралуу тагдыры кандай болгон?*
- *биринчи Конститиуцияны даярдаган комиссия мүчөлөрүнүн арасында мамлекеттик, конституциялык түзүлүш боюнча адис юристтер болгонбу же жокбу?*
- *Кыргызстандын биринчи Конституциясын иштеп чыгууга большевиктер партиясынын Кыргыз обкомунун жетекчилери катышканбы* ж.б. маселелер.

Алдын ала айта кетчү жагдай, изилдөө мезгилинде биз Кыргыз Республикасынын Борбордук архивинин фонддорунан Кыргызстандын биринчи Кыргыз Автономиялуу Советттик Социлисттик Республикасынын **Конституциясынын** долбоорунун **4** башка түрүн – вариантын таптык *(дагы бир 5-түрү латын графигинде түзүлгөн)*:

**1-түрү** – 1926-жылы биринчи Конститиуциялык комиссия тарабынандаярдалып, **5 бөлүктөн, 11 баптан, 60 беренеден** турган Конституциянын долбоору [1].

**2-түрү** – 1927-жылы даярдалган, **7 бөлүктөн, 16 баптан, 103 беренеден**турган Кыргыз АССРинин Конституциянын долбоору [2].

**3-түрү** оңдолуп, толукталып, түзөтүлүп 1928-жылы даярдалган. Бул түрү **7 бөлүктү, 16 бапты, 118 беренени** камтыган Конституциянын долбоору болгон [3].

**4-түрү,** 1929-жылдын февралына кайрадан даярдалып, толукталып жана түзөтүлүп талкууга коюлган, ошол эле жылдын 30-апрелинде кабыл алынган **Кыргыз Автономиялуу Советтик Социалисттик Республикасынын Конституциясынын** 4-түрүнүн долбоору **7 бөлүктөн, 16 баптан, 97 беренеден** турган. [4].

Демек, биздин биринчи Конституциябыздын долбоору бир эмес бир нече жолу кайра иштелип, оңдолуп, толукталып, түзөтүлүп олтуруп, 4 түрдө төрт жолу сунушталып акыры 1929-жылдын 30-апрелинде 97 беренелүү биринчи Конституция кабыл алынган.

Эми биз үчүн эң маанилүү маселе, дал ошол биринчи Конституциянын долбоорун кимдер иштеп чыккан? Бул багыттагы биринчи кадам качан башталганын тактайлы. 1926-жылдын 25-февралында башталган. Ошол күнү Кыргыз Областтык аткаруу комитети курамында Областтык Аткаруу комитетинин төрагасынын орун басарлары **Ж.Абдрахманов** жана **И.Фатьянов**, Кыргыз Областык Кеңештин катчысы **К.Абрамов**, областтык соттун төрагасы **Л.Авербуг**, анын орун басары **Манкиров** курамында турган атайын комиссия түзгөн.

Аталган комиссияга негизинен эки тарыхый, саясий, укуктук мааниге ээ документти даярдоо милдеттендирилген. Тагыраак айтканда төмөнкү документтерди даярдоо вазыйпасы жүктөлгөн:

1. *Кыргыз Автономиялуу Советтик Социалисттик Республикасынын түзүлүшү тууралуу Декларациянын долбоорун даярдоо.*
2. *Кыргыз Автономиялуу Советтик Социалисттик Республикасынын Конституциясынын долбоорун даярдоо* [5].

Бир аз убакыттан кийин бул комиссиянын курамына жаңы шайланган Кыргыз Областтык аткаруу комитетинин төрагасы **А. Орозбеков,** комиссиянын катчысы катары **Зубов** киргизилген. Ошентип Кыргыз Автономиялуу Советтик Социалисттик Республикасынын Конституциясынын долбоорун даярдай турган алгачкы комиссиянын курамы кеңейтилип, эми ага мурда көрсөтүлгөндөй **5** эмес **7** адам кирген. Алар төмөнкүлөр болгон:

1. **А.Орозбеков** – Кыргыз Областтык аткаруу комитетинин төрагасы, биринчи конституциялык комиссиянын төрагасы;

2. **Ж.Абдрахманов** – Кыргыз Областтык аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары, комиссиянын мүчөсү;

3. **И.Фатьянов** – Кыргыз Областтык аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары, комиссиянын мүчөсү;

4. **К. Абрамов** – Кыргыз областтык Кеңешинин катчысы, комиссиянын мүчөсү;

5. **Л. Авербуг** – Кыргыз областтык сотунун төрагасы, комиссиянын мүчөсү;

6. **Манкиров** – Кыргыз областтык сотунун төрагасынын орун басары, комиссиянын мүчөсү;

7. **Зубов** – катчы, комиссиянын мүчөсү.

Байкап көрүңүздөр улуттук республика Кыргыз болгон АССРинин биринчи Конституциясынын долбоорун даярдай турган **7 адамдын 5 кыргыз улутунан болгон эмес**. Ушундай шартта кыргыз элинин конституция боюнча улуттук кызыкчылыктары канчалык деңгээлде корголооруна ким кепилдик бере алат? Аталган конституциялык комиссия мүчөлөрүнүн баардыгы мамлекеттик ишмерлер, ар түрдүү кызмат ээлери болуп, мамлекеттик, конституциялык түзүлүш боюнча адистер жок болгон. Албетте, укук тармагын жакын эки адам болгону талашсыз, бирок алардын конституциялык түзүлүш боюнча адис экенине анча ишеним жок.

Балким ошондуктан биринчи Конституциялык комиссия мүчөлөрү өз алдыларына коюлган милдетти толук аткара алышпай, өз убагында Кыргыз АССРинин Конституциясынын долбоорун иштеп чыга албай калган. Ошол себептүү Конституциянын долбоорун талкуулоо 1927-жылы болбой калган. Коюлган милдеттин өз убагында аткарылбай калуусунун себептери: ***биринчиден,*** Конституциялык комиссия мүчөлөрүнүн бул укук маданиятынын жаатында иш тажрыйбасы болгон эмес. ***Экинчиден,*** комиссия мүчөлөрүнүн арасында мамлекеттик, конституциялык түзүлүш боюнча жана юриспруденция жаатындагы квалификациялуу адистер жок болгон. ***Үчүнчүдөн,*** биринчи Конституциянын долбоорун жазууда мурда мамлекеттик, конституциялык түзүлүш боюнча иш алып барган, жеткиликтүү дарамети, теориялык даярдыгы бар адистер камтылган эмес.

Дал ушул себептерден биринчи Конституциянын долбоору 1927-жылдагы уюштуруу курултайына даярдалбай калган, анын ордуна 1927-29-жж. **"Кыргыз АССРинин мамлекеттик түзүлүшүнүн Жобосу"** негизги укуктукдокумент болуп калган. Экинчи жагынан, ошол биринчи долбоор борбордогулардын, Москванын көз карашы боюнча ***"көптөгөн принципиалдуу жетишпестиктерден, мүчүлүштүктөрдөн"*** улам курултайдагы талкууга кирбей калган.

Ошентип, биринчи долбоор кабыл алынбай калгандан кийин Конституциялык комиссиянын курамы, шартка жараша кеңейтилгенин кыйыр түрдө аныктай алдык. Биз таянган документ *«Протокол №1 заседании комиссии по рассмотрению проекта дополнений к инструкции по перевыборам Советов о категории лиц, подлежащих к лишению избирательных прав, применительно к местным условиям в Кыргызской Автономной области»* деп аталат. Жыйынга Ж.Абдрахманов төрагалык кылып, катчысы Лунев деген болгон [6]. Дал ошол документте жыйынга катышкан адамдардын, комиссия мүчөлөрүнүн тизмеси берилген [7]. Биринчи Конституциялык комиссиясынын мүчөлөрү төмөнкүлөр:

1. **А. Орозбеков** – Конституциялык комиссиянын төрагасы, *Кыргыз Областтык аткаруу комитетинин төрагасы;*

2. **Ж.Абдрахманов** – комиссиянын төрагасынын орун басары; *Кыргыз АССРинин Өкмөт башчысы;*

3. **И.Фатьянов** - комиссиянын төрагасынын орун басары, *Кыргыз Областтык аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары;*

4. **Зубов** – комиссиянын мүчөсү, *Конституциялык комиссиянын катчысы*;

5. **К. Абрамов** – комиссиянын мүчөсү, *Кыргыз областтык Кеңешинин катчысы*;

6. **Л. Авербуг** – комиссиянын мүчөсү, *Кыргыз областтык сотунун төрагасы;*

7. **Манкиров** – комиссиянын мүчөсү, *Кыргыз областтык сотунун төрагасынын орун басары*;

8. **Ж. Саадаев** – комиссиянын мүчөсү, *партиянын Кыргыз обкомунун жооптуу катчысы, 1928-1930-жж. Москвадагы марксизм-ленинизм курстарынын угуучусу*;

9. **Т. Худайбергенов** – комиссиянын мүчөсү, *Кыргыз АССРинин Юстиция эл комиссары жана прокурору*;

10. **И.Текеев** – комиссиянын мүчөсү, *сот, прокуратура органдарынын жетекчиси, Москвадагы юстиция курстарынын угуучусу, Нар-комземдин бөлүм башчысы*;

11. **С. Толенов** – комиссиянын мүчөсү, *партиянын кыргыз обкомунун мүчөсү*;

12. **Аманбаев**- комиссия мүчөсү;

13. **О. Алиев** – комиссиянын мүчөсү, *Кыргызстандагы "Коммунист" журналынын редактору,*

*Москвадагы коммунисттер университетинин угуучусу*;

14. **С. Чонбашев** – комиссиянын мүчөсү, *Кыргыз АССРинин Суу чарба башкармалыгынын башчысы, 1927-30-жж. Москвадагы соода академиясынын жана Эл чарба институнун угуучусу*;

15. **Д. Иманов** – комиссиянын мүчөсү, *кыргыз алфавитин араб графикасынан латын графикасына которуу боюнча Кыргыз АССРинин БАК комиссиясынын төрагасы;*

16. **К. Тыныстанов** – *комиссиянын мүчөсү, Кыргыз АССРинин Эл агартуу комиссары;*

17. **К. Кулумбаев** – комиссиянын мүчөсү, *партиянын Кыргыз обкомунун Пишпек окружкомунун уюштуру бөлүмүнүн башчысы, обкомдун мүчөсү;*

18. **Бостенов** – комиссиянын мүчөсү;

19. **Х. Джиенбаев** – комиссиянын мүчөсү, *Кыргыз АССРиндеги Колхоз центрдин төрагасы;*

20. **Д. Зулфибаев** – комиссиянын мүчөсү, *Кыргыз АССРинин БАК областтык аткаруу комитетинин жер башкармалыгынын башчысы, Кыргыз АССРинин Эл комиссарлар Кеңешинин төрагасынын орун басары, СССР БАК мүчөсү*;

21. **Баишев** – комиссиянын мүчөсү;

22. **Б. Турсунов** – комиссиянын мүчөсү, *“Кошчу” союзунун мүчөсү*;

23. **Б. Буранов** – комиссиянын мүчөсү, *комсомолдук активист, айылдык Кеңештин төрагасы.*

Аталган комиссия мүчөлөрүнүн **18** кыргыз улутунан болушкан, бирок алардын ичинен **3-4** эле жогорку билимге ээ же атайын жогорку курстарды аяктагандар болгон. Аталган комиссия мүчөлөрүнүн арасында атайын юридикалык жогорку билими бар адистер дээрлик болгон эмес. Ошол эле учурда конституциялык комиссияга кирген мүчөлөрдүн баары ошол кездеги Кыргыз областтык, Автономиялык республикалык аткаруу комитетинин, областтык партиялык уюмдун, ар түрдүү элдик комиссариаттын жетекчилери болушкан. Демек булар биринчи конституциялык комиссиянын курамына саясий максаттар менен киргизилген.

Дагы бир жагдай эске алчу жагдай, ошол улуттук республикабыздын биринчи Конституциялык комиссиясынын курамына Кеңеш доорундагы кыргыз мамлекетинин түптөөчүлөрү, негиздөөчүлөрү болгон **А.Сыдыков, И.Айдарбеков, И.Арабаев, Т.Айтматов, Т. Жолдошов, Б.Исакеев** сыктуу инсандар кирген эмес. Ошондой эле 1926-1929-жылдары партиянын кыргыз обкомунун биринчи катчысы болгон **Н.А. Узюков** - 15.09.1925 - 6.06.1927-жж., **В.Щубриков -** 1927-1929-жж., **М. Кульков** - 1929-1930-жж. сыяктуулар да комиссия курамына кирген эмес.

Атайын укуктук билимдери болбосо да дал ошолор элибиздин, кыргыз мамлекетинин келечегин ойлоп, улуттук мамлекеттин уңгусун түптөп, анын негизи болгон биринчи Конституцияны кыйынчылыктар менен иштеп чыгып, бир катар талкууларды уюштурушуп, кайра-кайра оңдоо, түзөтүүлөрдү киргизишкен.

Дал ушул адамдар, кыргыз элинин 20-30-жылдардагы чыгаан уулдары, кыргыз улуттук мамлекетинин негиздөөчүлөрү, көрүнүктүү саясий, партиялык, мамлекеттик ишмерлери, ошол кайчылаш, кыйын-кезең жылдарда РСФСРдин Конституциясынын негизинде иштелип чыкккан Кыргыз АССРинин биринчи Конституциясынын долбоорун даярдашып, калың элдин катмарына, алардын назарына коюшкан. Эске ала турган даги бир маанилүү маселе булардын көбү, алдыңкы 1925-26-жж. бири-бирине саясий оппонент болуп, келишпес күрөш жүргүзүшсө да, кыргыз мамлекетинин келечеги үчүн биригишип, биргелешип иш алып барышып, бизге, келечек муундарга өлкөнүн биринчи Конституциясын калтырышты.

Сөзүбүз курук болбосун үчүн төмөнкү иликтөөнү сунуштайбыз. Маалым болгондой 20-жылдары, кыргыз улуттук мамлекетин түптөөнүн башатында, дал ошол улуттук мамлекетти негиздөө, түзүү маселесинде кыргыз элинин саясий ишмерлеринин, кыргыз улуттук элитасынын ортосунда катуу саясий кармаш болуп, саясий үстөмдүк, бийлик үчүн биздин улуттук лидерлерибиз, чыгаан ишмерлерибиз эки жаатка бөлүнүп калган эле. Алардын бир тобуна А.Сыдыков баштаган Ж.Абдрахманов, И.Арабаев ж.б. кирсе, экинчи тобуна Р.Худайкулов башында болгон Д.Бабаханов, Ж.Саадаев ж.б. кирген [8]. Учурдагы абройлуу тарыхчылардын бири тарых илимдеринин доктору, профессор З.К. Курмановдун иликтөөлөрүндө жогоруда көрсөтүлгөн биринчи Конституциялык комиссиянын мүчөлөрү негизинен төмөнкүдөй төрт топтун өкүлдөрү болушкан:

**1-топ “сыдыковчулар”** лагеринин өкүлдөрү – А. Орозбекова, Ж. Абдрахманов, Т.Худайбергенов, И.Текеев, Толенов, С.Чонбашев, Д. Иманов, Д. Зульфибаев, К. Кулумбаев.

**2-топ** “**худайкуловчулар”** лагеринин өкүлдөрү – Ж.Садаев, Б.Турсунов.

**3-топ «ортодогулар», «нейтралдар»** - К.Тыныстанов, О.Алиев [9].

**4-топ** большевиктер партиясынын Бүткүл Россиялык жана Союздук Борбордук Комитеттеринин, РСФСР жана СССРдин Борбордук аткаруу комитеттеринин, борбордон Кыргызстанга жиберилген партиялык, мамлекеттик иштеги тажрыйбалуу өкүлдөрү, жергиликтүү активист жетекчилери, славян ж.б. улуттагылар - **И.Фатьянов, К. Абрамов, Л. Авербуг, Манкиров, Зубов.** Ошентип кандай гана саясий көз караште, позицияда болбосун, дал ушул кечээ күнкү саясий оппоненттер элибиздин, кыргыз мамлекетинин келечеги үчүн биригишип, иштиктүү аракеттер натыйжасында биздин биринчи Конституцияны 4 жолу кайра-кайра иштеп чыгышып, элибизге, мамлекетибизге абдан керек болгон Конституциянын акыркы нускасын тиешелүү органдар электен өткөрүп, бүткүл элдик талкуудан кийин атайын курултай бекитип берген. Дагы бир жагдай, дал ошол биринчи Конституциянын 4 долбоорун даярдап, тиешелүү талкууларга коюп, ар жолу аларды кайрадан оңдоп, түзөп, толуктап, элге чыгарууда, ошол кездеги большевиктер - коммунистер партиясынын негизги саясий күч катары орду жана ролу чоң болгону баса белгилөө абзел [10]. Баардыгын бириктирген дал ошол коммунистер партиясы партиясы болгону да талашсыз. Дал ошол Кыргыз АССРинин биринчи Конституциясы кыргыз элинин улуттук мамлекетинин мыйзамдык, укуктук негизи, Баш мыйзамы болуп, элибиздин, мамлекетибиздин феодализмден социализм дооруна өтүүсүнө зор өбөлгө түзгөнү да талашсыз болгонун баса белгилөө абзел.

Ошол биринчи Конституциянын 94-96-беренелерине ылайык Кыргыз АССРинин мамлекеттик символдору **герб** жана **туу** бекитилген. Кыргыз АССРинин гербинин сүрөтүн биз азырынча таба албадык, тилекке каршы анын сүрөтү сакталбай калыптыр. Бирок ошол эле биринчи Конституциянын 95-беренесинде АССРинин герби тууралуу төмөнкүлөр айтылган: **“Кыргыз АССРинин герби кызыл түстүн алкагындагы алтын түстүү күндүн нуру, кайчылашкан орок жана балка, кармагычтары төмөн жагында жайгаштырылган, дан эгиндердин башы менен чырмалган, кыргыз жана орус тилиндеги а) Кыргыз Автономиялуу ССР жана б) Бүткүл дүйнөнүн пролетариаттары бириккиле”** [11] деген жазуу камтылган деп айтылат.

Кыргыз АССРинин Коснтитуциясынын 96-беренесине шайкеш биздин республиканын биринчи Туусу [12] сиздердин назарыңыздарга сунушталды.




Ошентип 1929-жылдын апрелинде кыргыз мамлекети, элибиз биринчи жолу өз Башмый замына ээ болду.

**Адабияттар:**


1. Центральный государственный архив Кыргызской Республики – Ф. 21. Оп. 18. Д.17. – Л. 33-71.
2. Центральный государственный архив Кыргызской Республики – Ф. 21. Оп. 3. Д.141. – Л. 54-74.
3. Центральный государственный архив Кыргызской Республики – Ф. 21. Оп. 3. Д.141. – Л. 27-53.
4. Центральный государственный архив Кыргызской Республики – Ф. 21. Оп. 3. Д.141. – Л.75-84.
5. Абытов Б.К. Первая Конституция Кыргызстана. Вестник КГЮА. Спецвыпуск. - Бишкек, 2006.
6. Центральный государственный архив Кыргызской Республики – Ф. 21. Оп. 18. Д.17. – Л. 1-83, 82-85, 115/
7. Центральный государственный архив Кыргызской Республики – Ф. 21. Оп. 18. Д.17. – Л. 115; Ошол эле жерде. – Л. 82.
8. Курманов З.К. Первый учредительный // Вестник времени. - 1990. №1. - С. 8.
9. Автор аталган топторду профессор З. Курмановдун эмгегине таянып бөлүп чыккан // Курманов З.К. Политическая борьба в Кыргызстане: 20-е годы. - Б., 1997. - С. 259, 261-277.
10. Джуманалиев А. Политическая история Кыргызстана. – Б., 2005. - С.166.
11. Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архиви - Ф. 21. -Оп. 3. -Д.141. - 83-84-б.
12. Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архиви - Ф. 21. -Оп. 3. -Д.141. - 84-б.


**Рецензент: д.и.н., профессор Нурунбетов Б.**